УДК 316.4

Бактыбекова А.Б. *Кыргыз Улуттук университетинин педагогикалык факультетинин кесиптик-педагогикалык колледжинин окутуучусу*

КОРРУПЦИЯ КУБУЛУШУНУН ТҮРЛӨРҮ

РАЗНОВИДНОСТЬ КОРРУПЦИОННОГО ЯВЛЕНИЯ

THE KIND OF CORRUPTION PHENOMENON

Аннотация: *Макалада коррупция кубулушунун ар түрдүү критерийлердин негизинде каралган өзгөчөлүктөрү, түрлөрү, моделдери жана формалары каралды.*

Түйүндүү сөздөр: *коррупция; коом; Кыргызстан; пара; мамлекет; коррупциянын түрлөрү; коррупциянын формалары; каада-салт.*

Аннотация: *В статье рассмотрены особенности, виды, модели и формы коррупционных явлений на основе разных критериев.*

Ключевые слова: *коррупция; общество; Кыргызстан; взятка; государство; виды коррупции; формы коррупции; традиция*

Annotation: *the article features, types, models and forms of the corruption phenomenon on the basis of different criterion have been briefly considered.*

Keywords: *corruption; society; Kyrgyzstan; bribe; country; the kind of corruption; forms of corruption; tradition.*

Коррупция маселесине азыркы учурда глобалдык деңгээлде көңүл бурулуп, окумуштуулардын, мамлекеттик башкаруу органдарынын, эл аралык уюмдардын изилдөө обьектисине айланып баратат. Коррупция кубулушун ар ким ар кандайча түшүнөт жана ага болгон мамилелери да ар түрдүү. Калктын басымдуу бөлүгү коррупция кубулушунун структурасынын татаалдыгына жана зор көлөмүнө карабай, жөн гана пара берүүнү же алууну түшүнөт.

Коррупция – бул социалдык көрүнүш, ал көп учурда конкреттүү укук бузуу түрүндө болот, бирок бүтүндөй алган да жазык укугунун аныктамалары менен толук камтылышы мүмкүн эмес.[5]

Бүткүл дүйнөлүк банк колдонгон аныктама төмөнкүдөй: «жеке пайда табуу үчүн мамлекеттик кызматты кыянаттык менен пайдалануу»[4].

Коррупция феноменинин өзгөчөлүктөрү төмөнкүлөр:

1 Кызматтык абалын пайдалануу - коррупциянын бирден бир субъектиси катары;

2 Жеке, топтук жана коорпоративдик пайда табуу мотивинин болушу;

3. Асоциалдык багыттагы иш аракеттер (жеке пайда табуу менен коомдук пикирдин кайчыланышы: оппозиция).

Коррупциянын 2 негизги ажырымы бар:

1) Горизонталдык (Мында 2 субъектик стратификациялык абалы барабар тараптардын коррупциялык өз ара аракеттешүүсү. Мисалы, 2 чиновниктин ортосундагы коррупциялык өз ара аракеттешүү.)

2) Вертикалдык (мында жогорку жана төмөнкү деңгээлдеги тараптардын ортосундагы коррупциялык өз ара аракеттешүү. Мисалы, мамлекеттик кызматкер менен карапайым адам.)

Чыгыш изилдөөчүсү **С. Х. Алатас** коррупциялык өз ара аракеттешүүдөгү каалоолор боюнча коррупциянын 2 түрүн белгилейт: биринчиси, өз ыктыярдуулугу менен ишке ашкан коррупция, экинчиси, кайсы бир тараптын мажбурлоосу, коркутуп-үркүтүүсү жана опузалоосу аркылуу ишке ашкан коррупция.

Ал эми азыркы учурда эки тарапка тең «ыңгайлуу» коррупциялык келишимдер ишке ашып жатат. Мында эки тараптын тең каалоосу менен ишке ашат, бирок мамлекеттик казына же мыйзамдар гана жабыркайт. Ушул учур азыркы коррупция менен күрөшүүдөгү негизги аспект болуп каралышы керек.

Болотбаев А. «Административдик этика» деген аталыштагы китебинде коррупцияны мамлекеттик кызматкерлерге таандык экенин, анын таасири мамлекеттик казынага зыян келтире тургандыгын, өлкөнүн өнүгүшүнө жолто болчу коркунуч экендигин ырастайт.[2;9]

Коррупциянын төмөнкүдөй *географиялык моделдери* белгилүү:

Чыгыш Европалык модели: Коррупциянын деңгээли төмөн болуп, коомчулукта кадыресе нор-

мадан тайпылуу көрүнүш катары кабыл алынып, законду бузуу менен байланыштуу болот. Буга көбүнчө калктын саясий маданиятынын жогорку деңгээли түрткү берет.

Азиалык модели: Коррупция –калктын тарыхына, каада-салтына жана мамлекеттин иштөөсүнө шартталган көнүмүш жана коомдук алгылыктуу, маданий, экономикалык көрүнүш катары кабыл алынат. Бул коррупциянын түрү катары тыгыз өрүмдөй үй-бүлөлүк, жерлик, этникалык байланыштар. Мында үнгулаш каада-салттар негизги орунда. (мисалы, бакшиш же гуанкси).

Африкалык модели: Бийлик саясий каражаттар менен камсыз кылган негизги экономикалык кландарга өз ара сүйлөшүп, бириккен кызыкчылыгы үчүн негизги экономикалык кландарды сатат. (Власть продается группе основных экономических кланов, договорившихся между собой и политическими средствами обеспечивающих надежность их существования.)

Латынамерикалык модели: Мамлекеттик экономикасына салыштырмалуу тендерлик жана криминалдык сектордун экономикасынын кудуреттүүлүккө жетишиши менен мүнөздөлөт, мафиялык күчтөр алдындагы мамлекеттик мүмкүнчүлүктөрдүн алсыздыгы.

Ал эми **А.Дж. Хайденхаймердин** социалдык баалоонун негизинде түзгөн коррупциянын моделдери төмөнкүлөр:

«Ак» (белая) коррупция. Буга коомчулукта формалдык түрдө мыйзамсыз болуп эсептелгенине карабай нормалдуу көрүнүш катары кабыл алынган коррупциялык иш-аракеттер кирет. Бул коррупциянын ички иституционалдык, улуттук мүнөзүнө жараша экендигине күбөлөндүрөт. (б.а. каада-салт жана менталитетине жараша)

«Кара» (черная) коррупция. «Кара» коррупцияга социалдык талкууга жана укуктук жоопко алынган коррупциялык иш-аракеттер кирет. Буга укуктук, нравалык психологиялык жактан нормадан четтөө, мыйзам бузуу жана кылмыш катары эсептелген коррупциялык иштер кирет.

«Боз» (серая) коррупция. «Боз» коррупциияны элита менен коомчулуктун ортосундагы бирдиктүү эмес бааланган жана кайчы пикирде кабыл алынган коррупциялык иш-аракеттердин жалпылыгы түзөт.

Коррупциялык *мамилелердин үзгүлтүксүздүк даражасы*:

-Кыска мөөнөттүү коррупциялык байланыш, б.а. бүтүм («сделка»).

-Узак мөөнөттүү коррупциялык байланыш, б.а. келишим («контракт»).

Коррупциялык *байланыштын үзгүлтүксүздүк даражасы*:

-Эпизоддук коррупция.

-Систематикалык коррупция (институционалдык) .

-Клептократия (коррупция - бийлик мамилелеринин бөлүнгүс элементи катары).

Саясий документтерде, юристтердин арасында **коррупциянын түрлөрү** кайсы чөйрөдө болгонуна жараша ар кандай аталып жүрөт. Мисалы, өлкөнүн саясий турмушундагы, эң жогорку саясий кызматты ээлеген кызмат адамдарынын, шайлоолордо кайсы бир саясий партиялардын пайдасы үчүн административдик ресурстарды пайдалануу, фальсификациялоо аракеттери, мыйзам долбоорлорун даярдоодо, кабыл алууда жеке кызыкчылыктарды көздөө (лоббирование), кадрларды тандоодо өз туугандарын тартуу саясий партиялардын ичиндеги укукка жат жосундарды «саясий коррупция» деп атап жүрүшөт.

Административдик коррупция - аткаруу бийлигинин ортоңку жана төмөнкү инстанцияларында, өз алдынча башкаруу органдарында көбүрөөк кездешет. Мисалы, бир эле убакта мамлекеттик чиновник иш жүзүндө өз алдынча башкаруу органдарын башкарат же өз таасиринен ага «өз алдынчалык» бербейт, кандайдыр бир чечимдерди чыгартпайт.

Кыргызстандагы эң көп кездешкен коррупциянын түрү - бул «турмуш-тиричилик», «бытовой» коррупция. Социалдык, билим берүү, тейлөө, медицина, укук коргоо, сот органдарындагы кайсы бир мыйзамдуу бүтө турган ишти мыйзам чегинде, жөн эле бүткөрбөй же бүткөртпөй коюу менен, өнөкөткө айланып калган «ыраазычылык пара», белек алуу менен анан иш кылынат. «Куру аякка бата жүрбөйт» - деген принципти кармашат.

Мамлекеттик каржы (финансы) тармагындагы коррупциянын негизги «объектиси» болуп, мамлекеттик бюджеттин каражаттары эсептелет. Мамлекеттик бюджетти бөлүштүрүүдө, жумшоодо, казначействодон алуудагы, айрыкча мамлекеттин үлүшү бар акционердик коомдордогу кездешчү укукка жат көрүнүш «откаттык коррупция» деп аталат.

Коалициялык коррупция. Парламенттик башкаруу системасына өткөндөн кийин азыркы Парламент Өкмөттү түзүүдө, Премьер-министрди аныктоодо, Өкмөттүн курамын аныктоодо, Парламенттик көпчүлүктү түзүп жатып, өздөрүнүн «коалициялык келишимдерин» түзүп, ал келишим менен бүт аткаруу бийлиги, жергиликтүү бийликтер, өкмөттүк гезит-журналдарга, радио-телевидениеге чейин «саясий кызыл кулактыктын» объектисине айланып, бөлүнүп, өз фракцияларынын кызыкчылыгы үчүн бийлик, байлыктар «алың-алыңга» түшүп, жеке амбициялардын айынан кааласа, Өкмөттү жаңыдан түзүү максатында алдын ала Президент менен сүйлөшүп алып (партиялык заговор), Парламенттик көпчүлүктү бузуу жолу менен өздөрүнүн кызыкчылыктары үчүн кайрадан жаңы Өкмөттү түзүү өнөкөткө айланып баратат.»[1]

Кылмыш жаза кодексинде паракорлукка жоопкерчилик каралат. Мында паракорлук төмөнкүдөй өз алдынча курамдарга бөлүнөт: пара-сыйлык, пара- сатып алуу. Кызмат берүү үчүн пара алуу, пара өндүрүү, пара берүү. Кызмат адамы тарабынан пара алуунун бир фактысы коррупциянын болушу тууралуу ырастабайт. Корупциянын маңызы туруктуу кылмыштуу байланыш түзүүдө турат. Корупция — бул паракорлук үчүн мүнөздүү эмес адамдын жүрүш-турушунун системасы. Корупция бүтүндөй социалдык көрүнүш катары жашайт. Корупция паракорлуктун кеңири түшүнүгү. Административдик этиканын салт болуп калган проблемалары менен катары коррупция кызыкчылыктардын кагылыштары, этикалык эмес жүрүм-турум, басмырлоо жана башка. Маалыматтык технологияларды децентралдаштырууга, менчиктештирүүгө,

глобалдаштырууга, пайдалануга байланыштуу жаңылары келип чыгат.

Б.Д. Какешов «Коррупциянын эң коркунучтуу формасы — сот органдарындагы, анткени соттордун коррупцияланышынан улам калктын акыйкаттыкка жана адилеттүүлүккө болгон акыркы үмүттөрү жана ишеничи өчөт»[3;7]-деп, укук коргоочулардын коррупцияланышын жемелейт.

Саясий коррупциянын формалары:

— коррупциялык лоббизм;

— коррупциялык фаворитизм;

— коррупциялык протекционизм;

— саясий максаттагы жашыруун взностор;

— мамлекеттик орундар менен төлөнүүчү шайлоодогу взностор;

— административдик ресурсту колдонуу;

— түз жана кыйыр түрдөгү сатып алуу (добуш алуу үчүн акчалай же белек-бечкек берүү).

Демек, коррупция – көп кырдуу жана ар тараптуу кеңири түшүнүктөрдүн бири. Аны толук түшүнбөй туруп, күрөшүүгө мүмкүн эмес.

Адабияттар

1. *Бекназаров А.Б. Унчукпай коюуга укугум жок! -Б.: 2012.*
2. *Болотбаев А. Администрациялык этика. - Б. 2003.*
3. *Какешов Б.Д. Уголовно-правовые и криминологические аспекты противодействия коррупции в судебной системе» Монография. Б. 2014*
4. *Коррупция в Кыргызстане: масштабы, причины и возможности снижения. -Б., 2014.*
5. *Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси.*